**Менин педагогикалык чеберчилигим (эссе)**

Сабак бул эмне? Сабак сыйкырдуу дүйнө. Ага шашып келип, эшикти ачып киргенде эле, оболоп учканды ойлогон, кээ күндөрү тентектигин койбогон, а түгүл оюн – күлкү, шаң-шөкөткө тойбогон окуучулар жайдары тосуп алат. Заматта эле баары менен жалпы амандашып, сабактын уюштуруу бөлүгүн аткара баштайсың....

Мен тээ алмустактан бери келе жаткан элдик тарбия менен түрдүү инновациялык, интерактивдүү усулдарды айкалыштырып өтүүнү ар дайым максат кылам. Анткени, бала күн сайын жаңы маалыматтан кабардар болууну самайт. Тажатма, кайталанма, кызыксыз, супсак, чийки бышкан сабактан көңүлү калган. Предмет аралык байланышты да жактырат. Өзүн ар качан эркин сезип, ойлорун тартынбай айтууну адатка айландырган. Ошол себептүү классына, же болбосо жаш өзгөчөлүгүнө карай усулдарды пайдалануу да жакшы жыйынтык жаратат. Ошондуктан, өтүлүүчү темага, класстын өзгөчөлүгүнө таянып, сабак өтүүнү максат кылам.

Менин кесибим физик мугалим болгондуктан, биринчи баланы нукура илимий тилде сүйлөөсүн, ой-жүгүртүүсүн жана туура формула жаза билүүсүн эске тутам. Окуучунун кеби канчалык туура, таасирдүү, таза экендигин текшерүү негизги орунда. Аны ар сабакта байкап туруу, кетирген катачылыгын акырын түшүндүрүү зарыл жана андан белгилүү бир убакытта кандай өзгөрүү болгондугун белгилөө менин милдетим деп ойлойм. Улуу Белинский: «Тарбия берүү - улуу иш, ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет» - деп айткан. Ошол тарбия алуучунун адамдык абийири, жүрүм турум маданияты туура калыптанышы үчүн, маселен, ар кайсы физик окумуштуулардын өмүр таржымалын айтып берүү аркылуу сабак өтүүнү ниет кылам. Алгач, кыскача маалымат окуп бере баштаганымда балдарда кызыгуу жаралат. Бат эле окумуштуулар боюнча маалымат алып, алардын жакшы эмгектери менен таанышууга аракетене башташат. Талкуу, диспуд, сүрөт сабагы, айтор ар кандай сабактын түрлөрүн алдын-ала пландаштырууну адатка айландырдым. Окумуштуулардын өмүр баянын айттыруу, жаттатуу жагы да кайсы бир деңгээлде жакшы натыйжа бериши мүмкүн. Бирок, кептин баары кайсы бир окумуштуу боюнча маалыматты жаттап коюуда эмес, анын кылган эмгектерин түшүнүп турмушта пайдалана алууда. Азыркы учурда көбүнчө окуучуну көбүрөөк иштетип, көп изденүүгө үндөө зарыл. Ал үчүн ага туура багыт берүү, жол көрсөтүү биздин максатыбыз.

«Билим менен тарбия – куштун эки канатындай» демекчи, окуучуга терең билим, татыктуу тарбия берүү өзүнчө мамилени талап кылат. Кээ бир балдар такыр эле окугусу келбейт, айрымдарынын кабыл алуусу начар, дагы бири убактылуу окуйт (баа, мактоо сөзү ж.б.), бирөө билгиси келет, бирок айрым маселелер тоскоолдук жаратат айтор, ар кимисине ар башкача мамиле кылып, жекече жаңы формадагы иш-аракеттерди жасай алууга көнүгүш орундуу. Сабак кантсе да жандуу өтүшүн ойлойм.

Акыркы учурда билим берүү системасында бир топ жаңылануулар жүз берүүдө. Анын канчалык жыйынтыктуу экенин мезгил өзү көрсөттү. Башкасын айтпаган да сабак өтүүнүн структурасынын баа коюу бөлүгүндө өзгөрүү болгонун белгилейм. Азыр башкача көрүнүш болуп калды. Баа эле эмес ар кандай маселеде да туура кадамдарга бааруу шарт. Ал үчүн окуучуга укугун да, милдетин да жакшылап түшүндүрүү абзел.

Бүгүнкү оомал-төкмөл заманда түрдүү социалдык-экономикалык маселелерден улам кейиштүү окуялар да жок эмес. Кичи мамлекет катары эсептелген көпчүлүк үй-бүлөлөрдүн көйгөйлөрү, же кайсы бир нерселер жаш өспүрүмдөргө да кедергисин тийгизип, алардын ой-тилек, максат-мүдөөсүн тескери жакка багыттап койгон учурлары арбын эмеспи. Анын кесепетинен эч нерсеге көңүлү жок үмүтсүз ойлорго азгырылган, сабакка барууга, көпчүлүк менен баарлашууга аракеттенүүнү каалабаган окуучу да кезигет. Үмүтсүздүккө түшкөн адам майы түгөнүп бараткан шам чырак сыяктуу. Үмүтсүз адам жараланган куш. Ал үчүн жашоонун кызыгы, мааниси түгөнүп, бардык нерсеге кайдигер. А түгүл жамандыктан да тайбай калаары анык. Туура, ал маселени жоюунун, же кыскартуунун жолдору арбын. Көбүнчө жамандыкка кабылган жаш өспүрүмдү кайсы бир деңгээлде мугалимдин салмактуу сөзү, жагымдуу мамилеси анын ички туюмун кылдат сезиши, ошондой эле жугумдуу сабагы максаттуу жашоого үндөйт деп белгилөөгө болот. Шартка жараша тандалган жжаңы усулдагы сабак жетишкендиктерди алып келиши талашсыз. Ал учур менин практикамда да кездешет. Дайыма сабакта өзүн төмөн, тартынчаак, жупуну, алсыз, түнт сезип, эч убакта жарылып сүйлөбөгөн, билгенин айта албаган окуучу болчу. Ал окуучуну байкап жүрүп, бир күнү жекече сүйлөшүүнү жүргүзүп, тийиштүү кеңештерди бердим. «Биз ойлорубузду эркин айтабыз!» - деп сабакты өтүп баштасам, тиги окуучу таасирдүү, омоктуу, маңыздуу ойлорду айтып баарыбызды таң калтырганы жан кубантканы эсимде.

Жыйынтыгында, класста канча бала болсо, ар биринин психологиясына, жекече жөндөмдүүлүгүнө, акыл-парасатына жараша мамиле кылып, сырын үйрөнүп, кызыктуу сабак өтүп, баланын жан-дүйнөсүндө жашоо – жакшы жөрөлгө жана алардын максаттарына жардам берүүчү өбөлгө экендигин белгилегим келет.

Ошондуктан, окуучулардын, студенттердин жан-дүйнөсүндө жашайлычы мугалимдер!